*УДК:392.81:316.*

***Исаев К.И.,***
*Кыргыз Эл мугалими, профессор*
***А. Ибраева,** социолог*
*Кыргыз-Түрк "Манас" университети*
*e-mail: aizibraeva@gmail.com*

# ТАМАК, МАДАНИЯТ ЖАНА ИДЕНТИФИКАЦИЯ: КЫРГЫЗ ТАМАКТАНУУ МАДАНИЯТЫНЫН СОЦИОЛОГИЯЛЫК АНАЛИЗИ

# ЕДА, КУЛЬТУРА И ИДЕНТИФИКАЦИЯ: СОЦИОЛОГИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ КУЛЬТУРЫ ПИТАНИЯ КЫРГЫЗОВ

# FOOD, CULTURE AND IDENTITY: SOCIOLOGICAL ANALYSIS OF THE KYRGYZ FOOD CULTURE

***Аннотация.*** *Тамак бир эле убакта биологиялык да, социалдык-маданий контекстте да конструктивдүү жана символикалык мааниге ээ. Тамактануу процесси тынымсыз жана күнүмдүк түрдө кайталанып туруу өзгөчөлүгү менен индивиддердин социалдык жашоосундагы процесстер менен да тыгыз байланышта болот. Коомдогу нормалардын жана маданий элементтердин транмиссиясыясы тамак жана тамак церемониялары аркылуу ишке ашат. Тамак жана тамактануу процесси алкагында адамдардын социалдашуусу, статуска ээ болуусу, ролдорду үйрөнүүсү жана аларга тиешелүү тутумдардын бекемделүүсү маданияттын символикалуулук өзгөчөлүгүнүн негизинде талдалуусу зарыл. Бул эмгекте негизги талдоо, кыргыздардын тамактануу маданиятында социалдашуу, гендердин тамак аркылуу белгиленүүсү жана ролдордун өздөштүрүлүүсү, тамактагы социалдык иерархия (устукан жана үлүш салты) жана кайтарымдуулук принциби темаларына фокусташат. Талдоодо, ошондой эле, Бишкек шаарындагы 125 кишилик тандамага негизделген сурамжылоо жана Кыргызстандын 7 облусунан 14 киши менен жүргүзүлгөн интервью аркылуу чогултулган маалымат колдонулат.*

***Аннотация.*** *Пища имеет конструктивное и символическое значение как в биологическом, так и в социально-культурном контексте. Основной анализ этой статьи фокусируется на темах социализации, детерминации гендера и освоении ролей, на особенностях социальной иерархии на примере традиций улуш и устукан, а также принципа взаимности в культуре питания кыргызов. Также при анализе использованы данные, полученные после проведения анкетирования с выборкой в 125 человек из города Бишкек и глубинного интервью с 14 человек с 7 областей Кыргызстана.*

***Abstract.*** *Food has constructive and symbolic significance in both biological and socio-cultural context. Due to its peculiarity of constancy and daily practice, the process of nutrition is in close connection with the social processes in individuals' life. The transmission of social norms and cultural elements also occurs through food and food ceremonies. Processes of socialization, acquisition of status and role, consolidation of the corresponding stereotypes and attitudes that take place through food and nutrition should also be interpreted on the basis of cultural symbolism. The main analysis of this article focuses on topics of socialization, gender determination and role development, on the features of the social hierarchy based on the examples of "ulush" and "ustukan" traditions, as well as the principle of reciprocity in the food culture of Kyrgyz people. Also, the analysis used data obtained after a survey with a sample of 125 people from the city of Bishkek and in-depth interviews with 14 people from 7 regions of Kyrgyzstan.*

Тамак – бир гана адамдардын физиологиялык муктаждыктарын канааттандыруучу азыктардын жыйындысы гана эмес. Ошол эле учурда тамак социалдык жараяндардын жана индивиддер арасындагы татаал социалдык интеракцияны ишке ашыруудагы, б.а., адамдардын **социалдык муктаждыктарын канааттандырууда** колдонулган маанилүү «курал». Тамактануу – физиологиялык да, социалдык да максатта багытталган, адамдардын жана алардын мүчө болгон коомдук түзүмдүн өзгөчөлүгүнө ылайык нормалардын негизинде тиешелүү форманы алган баскычтардан жана процедуралардан турган бир эле убакта физиологиялык жана ***социалдык процесс [1].***

Коомдун тамактануу маданиятын изилдөө менен тиешелүү коомдук түзүмдүн өзгөчөлүктөрүн жана анын башка коомдордон айырмалап турган элементтерди таап чыгуу болот, анткени тамактануу – адамдын жашоосунун эң маанилүү бөлүктөрүнүн бирин түзгөндүктөн, тамактануу процесси тынымсыз түрдө кайталанып турат жана акырындап башка маанилүү процесстерди өзү менен параллелдүү ишке ашыруу менен тартып алат. Жыйынтыгында, тамактануу ритуалдары, нормалары, куралдары жана эрежелери бир системага айланат жана бул системага параллелдүү түрдө ишке ашкан башка социалдык иш-аракеттер – социалдык нормалардын, стереотиптердин, маданияттын трансляциясы, идентификациялык жана интеграциялык процесстер, тилектештиктин калыптануусу, пландалуусу жана ишке ашуусу камтылат. Ошентип, тамактануу маданияты - коомду чагылдырган анын өзгөчө мини-модели катары ал коомду түшүнүүдө жана керек болсо андагы маселелерди чечүүдө керектүү жана пайдалуу курал болушу мүмкүн.

### Тамактын социалдаштыруу процессиндеги функциялары

*1) Системанын тең-салмактуулугун сактоо функциясы*

Эң алгач эле, кыргыз коомунун меймандостугу жөнүндө айта турган болсок, кыргыздарда мейман жолоочу болсо да, ага сөзсүз “нан ооз тийгизүү”, ысык тамак менен тойгузуу, ага дасторкондун эң сыйлуу жеринен орун берүү, сый көрсөтүп, жылуу сөз айтуу, кетип бара жатканда кешик катары жанына даам салып берүү салты калыптанып калган. Кой союп берген соймочуга *“кол кесер” (малды сойгон кишиге – бул көбүнесе колунда жок адам болот – эмгек акысы катары берилген союлган малдын этинин белгилүү бөлүгү)* берүү салты, социалдык иш бөлүмүн, “алмашуу” функциясы (мал союу жөндөмүн азык-түлүккө алмаштыруу) аркылуу ишке ашкан бай-кедей ортосундагы социалдык байланышты жана мунун негизинде коомдогу ресурстардын тең салмактуу бөлүштүрүлүүсү менен системадага тең-салмактуулуктун ишке ашырылуусу чагылдырлат. Ошондой эле, мал төлдөгөндө кыргыздарда ууз-аш жасоо боюнча байыртадан бери келе жаткан салт боюнча, ал уузду жасап айылдагыларга ооз тийгизбесе, уят болуп саналган [2]. Бул социалдык интеграцияга, тилектештикке жана индивиддер арасындагы социалдык ишенимдиин пайда болуусуна пайдубал түзөт. Киши өлгөндө тамак берүү, бала төрөлгөндө, үйлөнүү-үлпөт, сүннөт тойлорунда жакын тууган-тааныштарга чоң той, алысыраактарга тойлук же кешик берүү формасындагы өз ара жардам көрсөтүү коом мүчөлөрүнүн күнүмдүк/бир айдык азыктануу нормаларын толтурууга көмөк болгондуктан, калктын демографиялык түзүмүн сапаттык да, сандык да жактан оптималдуу деңгээлде кармап туруу милдетин аткарат. Тамактануу учурундагы этика нормалары, деги эле негизги коомдук чектөөлөр, эрежелер, жүрүм-турум жана сапаттардын эталондору тамактануу учурунда түздөн-түз же кыйыр түрдө кеп-сөз, маектешүү аркылуу белгиленет. Шерине, тойлордо дасторкон үстүндө айтылган баталар, ойнолгон оюндар, кийилген кийимдер аркылуу маданий элементтердин (тил, баалуулуктар, ишенимдер, каада-салттар ж.б.) трансляциясы аркалуу этникалык идентификация да ишке ашат. Бул болсо жалпы коомдук системанын нормативдик жана социалдык жүрүм-турумдук бүтүндүгүн сактап калууга өбөлгө түзөт.

*2) Социалдык коммуникация жана маалымат алмашууга негиз түзүү функциялары*

Ю. Гронов, У. Кьярнес, Й. Мякела, Л. Холм аттуу Түндүк Европа окумуштууларынан турган изилдөө тобу тарабынан жүргүзүлгөн күнүмдүк тамактануу практикалары боюнча социологиялык изилдөөсүндө колдонулган *моделдин [3]* негизинде Бишкек шаарында сурамжылоо жүргүзүлгөн. Бул моделде тамак социалдык уюштурулган, убакыт жана мейкиндик менен структуралашкан жана бир же бир нече тамакаш жана суусундуктар түрүн камтыган тамактануу бир окуя (тамактануу окуясы - eating event) катары алынат. Eating event модели 3 деңгээлден турат: тамактануу режими (1), тамактын курамы жана түрлөрү (2) жана тамактануунун социалдык уюштурулуусу (3). Бул макаланын алкагында “тамактануунун социалдык уюштурулуусу” бөлүмүнөн гана алынган айрым берилиштерди колдонобуз.

Изилдөө жыйынтыгында алынган маалыматка ылайык, респонденттердин 52,4% “чогуу тамактанып жаткан адам менен маектешем”, 22% “интернет-сайттарды карайм”, 17,8% “телевизор көрөм”, ал эми 7,7% болсо “гезит окуйм же жумуш/окуу боюнча иштеримди аткарам” деп жооп берген. Бул көрсөткүчтөр адамдардын тамактануу учурунда бири бири менен интеракциянын жогорку деңгээлде курулгандыгын, б.а. тамактануу процесси индивидуалдык эмес, коллективдик, коомдук сапатка ээ экендигин билдирет. Ал эми интернет же телевизор аркылуу ар түрдүү маалыматтын алынышы тамактануу учурунда башка нерсеге көңүлдү алаксытпастан ишке ашкандыгы үчүн адамдардын жүрүм-турум паттерндерин, символдорду жана жаңы маалыматты тереңирээк өздөштүрүү ыктымалдыгы жогорулайт.

### Тамак жана гендердик идентификация

Тамактын бөлүштүрүлүүсүндөгү айырма өзгөчө айыл-чарба жана индустриялык коомдордо айкын билинет. Бул айырма жаш, экономикалык милдеттерге жана жыныстык өзгөчөлүктөрдүн негизинде аныкталат [4]. Эркек талаа иштерин аткарууда милдеттүү болгондугу үчүн эркек тамакты биринчи татат жана эң жакшы жеринен алып жеген укугуна ээ болот. Илгерки мергенчи коомдордо эркек улоодо кармаганын үйгө өзү алып келбестен, бул жумушту аялдарына жүктөгөн, бул болсо өзгөчө мергенчилик жана чогул-

туучулук коомуна мүнөздүү физикалык күчтүн жогору коюлушунун жыйынтыгында эркектердин аялдардан жогоруураак позицияда болгондугун көрсөтөт [5].

Сурамжылоодо "Үйдө тамакты ким жасайт" жана "Тамактануу учурунда ким кызмат көрсөтөт" суроосуна респонденттердин дээрлик 98,2% тамактын аял киши (апасы, эжеси же келинчеги) тарабынан даярдалгандыгын белгилешкен. Негизинен, кыргыз коомчулугунда үй ичиндеги жасала турган "майда" иштер, өзгөчө тамак жасоо милдети аял кишиге, талаада жана сыртта жасала турган (физикалык күчтү талап кыла турган) "чоң" иштер эркекке таандык болуп калыптанып калган. Социалдык-маданий түзүмгө ылайык, аялдар жана жаш кыздар тамак жасагандар жана тамактануу учурунда кызмат кылуучу, ал эми эркектер менен кичине балдар тамак алуучу жана кызмат көрүүчү ролуна ээ.

Ошондой эле, кыргыз тамактануу маданиятында социалдык жана физикалык мейкиндиктин айкалышуусундагы гендердик өзгөчөлүктөргө жараша бөлүштүрүлүүсү да байкалат. Боз үйдүн эпчи (оң) жагы аялдарга тиешелүү болгондуктан, бул жак боз үйдүн "ашканасын да камтыйт". Нарын облусунун тургундары менен жүргүзүлгөн интервьюдан маалыматка ылайык, айрымдар азыркы күнгө чейин дасторконго жайгашууда эркектер сол тарапка (боз үй мейкиндиги боюнча сол – эр жак деп саналат), аялдар болсо оңго отурууга аракет кылышат экен. Мындай өзгөчөлүктөр гендердик идентификацияны ишке ашырат да, жаңы муундун өзүнүн жыныстык сапаттарын социалдык талаптарга жараша ылайыкташтыруусуна жана гендердик роль менен милдеттерин өздөштүрүүсүнө жардам берет. Бул тамактын индивиддердин коомго туура адаптация болуудагы ролун көрсөтөт.

Ошондой эле, ошол эле интервьюнун Ысык-Көл облусунун тургуну менен жүрүшүндө, илгертен бери келе жаткан кыз-эркек жүрүм-турумдардын улуулар тарабынан кичүүлөргө үйрөтүлгөндүгү айтылды. Кыз бала дасторкондо отурганда тынч, дайыны жок күлбөй, кишинин жүзүнө тике карабай, сыпайы болуусу керектиги үйрөтүлгөн экен. Ал эми эркек балдар болочоктогу үй-бүлө кожоюну болгондуктан, улуулардын накыл сөздөрүн, кеп-кеңештерин кунт коюп угуп отуруусу керектиги айтылган. Дасторкондо отуруу позаларында да айырма болгон. Кыздардан назик, талталбай отуруу талап кылынат. Эркектер сыяктуу малдаш токунуп отуруу кыздарга туура көрүлбөйт. Мындай чектөөлөр физиологиялык өзгөчөлүктөрдөн келип чыгат: диний жана этно-этикалык баалуулуктардын негизинде кыздардын денесинин демонстрацияланышы кыргыздарда байыртадан бери уят болуп саналган. Мындай көрүнүштү кыргыз коомундагы нике жана жыныстык катнаш боюнча коюлган социалдык табуларга шилтеме катары санасак болот. Ошондой эле, бул аял кишинин моногамдуулугунун да көрсөткүчү боло алат.

### Тамактануудагы социалдык иерархия жана кайтарымдуулук принциби

Кыргыз коомунда азыктардын, дасторкондогу оруңдардын бөлүштүрүлүүсү, тамактануу алдында, тамактануу процессинде жана аягында сөз сүйлөө жана бата берүү укугу адамдардын коомдогу ээлеген статусуна жараша берилгендиги социологиялык жактан чоң мааниге ээ. Бул статус индивиддин жашына, жынысына, индивиддер арасындагы тууганлык байланышынын мүнөзүнө, коомдогу беделине, бийлик деңгээлине жараша аныкталат. Жалпысынан, жогорку статус катары, улуу жашка жеткендер (акылмандуулук жана "улууну сыйлоо" принцибинин негизинде), эркектер, туугандык байланышын сапаты жагынан улуу же сыйлуу туугандар (кудалар жана кайындар), коомдо жогорку беделге ээ болгондор (бул жерде материалдык же бийлик деңгээли көрсөткүчтөрү менен гана эмес, акылмандуулук же башка көрсөткүчтөрү менен белгиленген сый-урматка татыган адам да болушу мүмкүн) жана башкалардын үстүндө белгилүү бийлик күчүнө ээ болгондор кирет.

Кыргыздарда устукан тартуу, дасторконго белгилүү катарга ылайык отуруу жана адамдардын бирибирин тойлорго чакыруу, үлүш салттары өзгөчө символикалык мааниге ээ. Дасторкон төрүндө жогорку статустагылар орун алат. Устукан тартууда болсо эң сыйлууларга устукан катары эркек кишиге –жамбаш (Ысык-Көл, Чүйдө) же баш (Нарын, Токтогул, Талас), аял кишиге – куймулчак, ошондой эле (жыныста айырмасы жок) жото жилик, кашка жилик, каар жилик тартылат. Жылкы союлган болсо "уча" (сыйлуу устукандардын жалпы аталышы, ичине жамбаш, кабыргалар, казы жана карта кирет) тартылат. Ал эми жалпысынан алганда, тойго чакыруу, устукан тартуу, төргө өткөрүү – булардын баары кыргыз маданиятында дээрлик бардык учурда "кайтарымдуук принцибине" (reciprocity principle) таянат. Бул принципке ылайык, бүгүн "А" өзүнүн тоюна "Б"ны чакырып, ага төрдөн орун берип, жамбаш-куймулчак тартып сыйласа, "Б" өз кезегинде "А"га карыз болуп калат. Ал карызын жабуу үчүн кийинки кезекте өзү "А"ны тоюна чакырып, ал көрсөткөн сыйдан кем эмес сыз көрсөтөт, болбосо экөөнүн ортосундагы мамилелердин кескин түрдө начарлап кетишинин ыктымалдуулугу жогору.

Бул салттар – кыргыз коомундагы социалдык статустук иерархиянын жана маданий баалуулуктарынын анык индикаторлору. Дасторконго отуруу тартиби менен устукан тартуунун позитивдүү функциялары – социалдык түзүмдөгү индивиддерди статустарына жараша иреттөө менен баалуулуктардын өздөштүрүлүүсүндө жана өз ара мамилелердин уюштурулушунда тартип менен иреттүүлүктү камсыздоо. Муну менен индивиддердин социалдашуусу учурунда аң-сезиминдеги когнитивдик диссонанстарды алдын алуу ишке ашат. Бирок ошол эле учурда бул салттардын негизинде психологиялык маселелер да келип чыгышы мүмкүн. Мисалы, эгер ак сакалдан мурун төргө жаш күйөө бала отуруп алса, бул иш башкалар тарабынан жаман реакция менен коштолот. Учага чакырылбай калган ак сакал өзүн элге керексиз сезип, катуу таарынат. Устукандардын туура эмес тартылып калган учурларда чыккан чыр чатактардын да саны аз эмес. Мындай учурларда көбүнчө адамдар нааразычыгын түз айтпаса да, башка иштерде негативдүү мамиле көрсөтүү аркылуу нааразычылыгын билдирет. "Аш көп жерде каада көп" дегендей, бул учурда жөнөкөй устукан бөлүштүрүүдөн чыккан түшүнбөстүктөр кийинки даражага эскалация болуп кетиши мүмкүн. Негизинен, бул жерден мындай жыйынтык чыгарсак

болот: кыргыздар нааразычылыгын дароо эле ачык түрдө билдирбейт, өзүнө сактап жүрөт да, таарынычтарды чогулта берет жана бир чекитке жеткенде, мамилелер коллапска учурашы мүмкүн. Демек, аталган салттардын негативдүү функциясы – ички чыр-чытакка себеп болуу ыктымалдыгы жогору, социалдык атмосфераны чыңалтуусу жана ашыкча символикалуулуктун жыйынтыгында пайда болгон психологиялык дискомфортко себеп болуусу.

Корутундулап айтканда адамдардын жамааттары - алардын институтташкан жүрум-турумдарынын тутумунун жыйындысы. Бул тутумдар диний же диний эмес негиздерге таянып, ар кандай ритуалдар менен ишке ашат. Ритуалдар болсо, өз кезегинде, тамактануу церемониялары менен коштолот. Коомдордун уникалдуу тараптарын, дал ошол тамактануу церемонияларынын сапаты жана түзүмү аркылуу баамдоого болот. Демек, коомдорду бири биринен айырмалаган негизги детерминанттардын бири – алардын маданияты. Тамактануу маданияты, жалпы маданияттай эле, өзүнө тиешелүү символдордон турат. Ал символдор коом мүчөлөрү тарабынан муундан-муунга убакыттын өтүшү менен улам ар кандай муктаждыктардын негизинде жаңыланып жана толукталып турат. Бул жерде тамактануу маданиятында социалдык чөйрөдө өз ара бөлүшүлгөн символдордун ролу рибосоманын ролуна окшошуп кетет – коомдун өзөгүн түзгөн маалыматты сактоо жана аны трансляциялоо.

Кыргыз коомундагы тамактын социалдык функциялары – социалдаштыруу, социалдык интеграция, тилектештик жана ишенимдин жогорулоосуна пайдубал түзүү. Ошондой эле, тамак церемониялары аркылуу кыргыз коомунун мүчөлөрүнүн иденттешүүсү – өзгөчө этникалык жана гендердик иденттешүүсү ишке ашат. Кыргыз тамактануу маданиятындагы устукан тартуу, дасторконго белгилүү иретке ылайык олтуруу, адамдардын бири-бирин тойлорго чакыруу жана үлүш салттары өзгөчө символикалык мааниге ээ. Булар - коомдогу социалдык иерархияны чагылдырган мини-модель сыяктуу. Аталган салттар сыяктуу индикаторлор аркылуу жалпы кыргыз коомунун ички структурасын, баалуулуктарын, ишенимдерин, индивиддердин классификациясын, адамдар арасындагы мамилелердин сапатын, жадагалса тамактануу церемониялары учурунда чыккан чыр-чатактардын стадияларын жана адамдар аны кандайча чечкендигин байкоо аркылуу бул коомдогу чыр-чатактардын башка деңгээлдерин чечүү жолдорун да табууга болот.

***Адабияттар***

*1. Beşirli, Hayati. Yemek Sosyolojisi. Phoenix: Ankara, 2012*

*2. Мурзакматова А. Кыргыз этнографиясы. – Нарын, 1997, 92-бет*

*3. Kjarnes U., Ekstrom P., Gronow J., Holm L., Makela J. Introduction, in: Kjarnes U. (ed.) Eating Patterns. A Day in the Lives of Nordic Peoples. Lysaker: SIFO, 2001, pp. 25–64.*

*4. Güler, Sibel. Türk Mutfağının Degisim Nedenleri Üzerine Genel Bir Degerlendirme. I.Uluslararası Gastronomi Sempozyumu ve Sanatsal Etkinlikler. 4-5 Mayıs 2007, Antalya. Cilt.18, Sayı: 2, s.18-28.*

*5. Veblen, Torstein. Aylak sını. Çev. İnci User. İstanbul, 1995, s. 35*